**Алтайдын ошол поюзу**

Сөзү: Шайлообек Дүйшеев

Обону: Асылбек  Өзүбеков жана Калыйбек Тагаев

Алтын-Көл калып капкайда,

Алтайдан келе жатканда.

Алтындан кымбат Айдай кыз,

Арманды салдың жаш жанга.

Аттиң ай, азыр арман жок,

Айланып сени тапканга.

Кайырма:

Жоогазын ээрдиң ээрдимде,

Жоодурап көзүң телмире.

Жолубуз башка болгон соң,

Жолукпай койсок эмине.

Келалбай турган болгон соң,

Кезикпей койсок эмине.

Санааны эзип сан ойлор,

Сагынткан сайын ал ойлор.

Ичимден жүрөм өрттөнүп,

Илинбей калган вагондой.

Кор болуп жүрөм кантейин,

Кошулбай калган вагондой.

Кайырма:

Тыкылдап тынбай жол учу,

Тыңшасам жүрөк добушу.

Азыр да өтүп тургансыйт,

Алтайдын ошол поюзу.

Ар дайым өтүп тургансыйт,

Айдайдын ошол поюзу.

Кайырма: